**Б.1.3.27 Мекен таануу жана аны окутуунун методикасы**

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерге мекен таануу дүйнө таанытуучу предмет катарында табигый жана гуманитардык билимдердин интегралдашкан системасын камтыйт алардын кесиптик билимдери менен көндүмдөрүн, компетенцияларын калыптандыруу.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:**

| **Түрмөгү жана коду** | **Семестри** | **Эмгек сыйымдуулугу (кредит)** | **Баардыгы (сааттарда)** | **Аудиториялык иштин көлөмү (саат)** | | | **СӨИ** | **Аттестациялоо формасы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **Дарс** | **Прак. сабак** | **Лаб иш** | | |
| Б.1.3.27 | 6 | 5 | 150 | 36 | 36 | | 78 | Сынак |

Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн студенттерге жалпы билим берүүчү орто мектепте мекен таануу предмети боюнча ээ болушкан билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр зарыл.

**Кыскача мазмуну:** Азыркы күндө башталгыч класстарда окутулуп жаткан мекен таануу предмети курчап турган дүйнөнү илимий негизде окутуу максатын көздөйт. Мекен таануу дүйнө таанытуучу предмет катарында табигый жана гуманитардык билимдердин интегралдашкан системасын камтыйт. Буга чейин 1 – класстарда окутулган “Айлана чөйрө менен тааныштыруу”, 2-3-4-класстардагы “Жаратылышты үйрөнүү” предметтери башталгыч класстын окуучуларын курчап турган дүйнөдөгү кубулуштарды илимий негизинде тааныштыруучу предмет катары мектеп практикасынан кеңири орун алгандыгын аныктайт. Мекен тануу предметинин мазмууну дидактикалык принциптердин негизинде тандалып алынаарын жана мазмуунду конструкциялоо, предметтин структурасын түзүү да дидактиканын белгилүү бир закон ченемдүүлүктөрүнө баш ийерин аныктайт.